
# Керемет тоо




Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Керемет тоо

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган"

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Керемет тоо" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү  Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Балдар, силер дүйнөдөгү кайсы жерлерди көрсөм деп кыялданасыңар? – деди мугалим.

Окуучулар өнүккөн көп өлкөлөрдү, шаарларды, керемет жерлерди атап чыгышты. Бир гана Айсулуу ойлонуп отура берди.


– Айсулуу, сен кайсы жакка баргың келет? – деди агай.

– Чет өлкө эмес, Кыргызстандын жеринен айтсам болобу? – деди Айсулуу акырын гана.

– Албетте. Болбой анан...

– Мен Ош шаарындагы Сулайман-Тоону көргүм келет.

– Балдар, эңсеген кыялдарга жетүүгө болот!




Балдардын көпчүлүгү Ош шаарын көрүшсө да, Сулайман-Тоосуна чыгыша элек экен. Мугалим анын абдан кызыктуу тоо жана тарыхый эстелик экенин айтты. Окуучулар эми Айсулууга кошулуп, дал ушул тоого барууга кызыгып калышты.

– Сулайман-Тоого барып келели. Силер тоо жөнүндө маалыматтарды окуп, даярданып алгыла, – деди агай.

Балдар Сулайман-Тоого келишти. Тоо башына чыга турган тепкичтер курулуптур.






– Сулайман-Тоонун аталышы тууралуу ар кандай уламыштар бар. Тоонун аталышы Сулайман падышанын көп окуялары менен байланышат. 14-кылымдарда жашаган Өзгөн шаарынын ханы Султан Мази ушул Сулайман тоого өзүнүн жайкы эс алуучу жайын курдурган. Бул жерде анын вазиринин күмбөзү да бар, – деди Адыл тоо жөнүндө окуп келгендигин ырастап.

Балдар тоого тепкичтер аркылуу көтөрүлүп баратышты. Улам тепкичтен өйдөлөгөн сайын шаар даана көрүнүп, музей жакындап, кызыккан балдар чарчоону билишпеди.

– Тоонун бийиктиги канча болду экен? – деди Сабыр.

– Бул жөнүндө мен окуганмын. Тоонун бийиктиги 300-350 м, узундугу 3 км, туурасы 1,5-2 км. Сулайман-Тоонун беш чокусу бар. Ал эми мына бул биринчи чокудагы Бабурдун Ак үйү. Имаратты Бабур хан тургузуптур. Аны Сулайман-Тоо мечити деп да коюшат. Ал он эки жашында атасынын ордуна мураскер катары хан тактысына отурган. Бабур өзүнүн “Бабур наама” деген китебин жазып калтырган. Китепте Ош шаарындагы Сулайман-Тоодогу Ак үйүн 1496-жылы курдурганын айтып өткөн, – деди Айсулуу.




– Ох-оо, андан бери 527 жыл өткөн тура. Ушунча көп убакыт өтсө да, кантип бузулбай турганы таң калыштуу! – деди Марат.

– Ооба, кылымдар бою сакталып келе жатат. Тарыхый эстеликтерди имараттан калган курулуш материалдары менен кайрадан калыбына келтиришкен. Булар Сулайман-Тоо жөнүндө маалыматтардын бир чети гана. Азыр да тоо жөнүндө так далилдер изилденип келет, – деди мугалим.

Балдардын ар кимиси өз алдынча ой жүгүртүп баратышты. Айсулуу чоңойгондо сөзсүз Сулайман-Тоо жөнүндө дагы изилдейм деп максат койду.

Алыстан эле даана көзгө урунган музейди көрүү кызыктуу болуп турду.




– Музейди көрүүгө аябай кызыгып жатам, – деди Сабыр.

– Мен окуган боюнча Сулайман-Тоодо бир нече үңкүрлөр бар, – деди Адыл.

– Музей үңкүрдүн ичинде жайгашса, коркунучтуу го, ээ? – деп Сабыр кызыгып турду.

– Шашпагыла, балдар. Биз баарын четинен карап келе жатабыз. Бул жерде музей кызматкерлери да көп нерсени айтып берет, – деди агайы.





Балдар жалтырата таш төшөлгөн асты тегиз, айлана-чөйрөсү үңкүр таштары менен курчалган музейдин залына кирип келишти.

– Оо-и-ий, үңкүр караңгы экен деп коркуп жатса, ичи жапжарык эле турбайбы, – деди Сабыр төбөсүндөгү чоң люстраларга карап.

– Музей жайгашкан жай – Сулайман-Тоосундагы эң чоң үңкүр. Ал бүркүттөрдүн үңкүрү деп аталат. Үңкүрдүн чыга беришинде ташка чегилген сүрөттөр сакталып калган, – деди аларды тосуп алган музей кызматкери.

Байыркы кыргыз элине таандык көптөгөн музей экспонаттары ушул жерде орун алыптыр. Кыргыз элинин турмушун сүрөттөгөн улуттук кийимчен айкел куурчактарды балдар таңдана карап жатышты. Энелерге таандык шуру мончоктор, эркек кишилер колдонгон балта, керки сыяктуу эски буюмдар.





Ар биринде бул экспонаттар качан, кайдан табылгандыгы жана эмнеден жасалгандыгы жазылып турат.

Музейдин ичинде да тепкичтер бар экен. Андан көтөрүлүп, чыгышканда бир топ экспонаттар үңкүр текчелеринен орун алыптыр.

– Э-эй, бул бүркүттү карасаңар!

– Кашкулакты карачы, тирүүдөй го!

Тянь-Шань күрөң аюусу, бугулардын териден келбети, үч метрдей узун жыландын катырылган элеси, доңуз, теке, кулжа, түлкү, таз жору, айтор, бир топ жаныбарлардын экспонаттары турат. Ал гана эмес, байыркы адамдардын, мергенчилердин келбеттери кишини теше тиктеп, сүрдүү дагы экен.

Ошентип алар музейдин чыгыш тарабынан киришип, түндүк-батыш тарабынан чыгышты.



Балдар мугалими менен биргеликте мындан ары тепкич менен көтөрүлүп, Кыргызстандын туусу желбиреп турган жерге жөнөштү.

– Сулайман-Тоосу 2009-жылы ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк Мурастарына кирген биринчи эстелик! – деди Сабыр.

– Ой, азамат, Сабыр! Баарыңар өтө маанилүү маалыматтарды окуп келген турбайсыңарбы! Сулайман-Тоосу эмнеге Дүйнөлүк Мурастарга кирди деп ойлойсуңар? – деди агай.

– Себеби анын байыркы эстелик болгондугунда...

– Байыркы аталган Ош шаарынын аймагында жайгашкандыгында...

– Сулайман-Тоо кол менен жасап койгондой, табигый үңкүрлөрдүн мекени! – деп жооп беришти балдар.



– Ооба, дагы силер биле элек көптөгөн тарыхый инсандардын күмбөздөрү калган жер. Бул жерде дагы эки тарыхый музей бар. Ал гана эмес, биздин замандагы атактуу композитор, обончу, аткаруучу Рыспай Абдыкадыровдун мүрзөсү да бар. Сулайман-Тоо – бүткүл кыргыз элинин ата-бабадан калган мурасы! – деди агайы окуучулардын айткандарын толуктап.

Балдар сыймыктануу менен Кыргыз туусунун жанында сүрөткө түшүштү.

– Ошту карагылачы! Бул жерден шаар абдан сонун көрүнөт экен! – Айсулуу да, балдар да кубанып жатышты.

Баары кооз, баары керемет!

Окуучулар дүйнө жүзүндөгү кыялданган дагы башка жерлерге барууга келечекте жетишет!

Колдонулган адабияттар:

Интернет булактары, википедия, Кыргызстандын географиясы.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли